

Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнү майрамыңыздар менен!

Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№26 [17022] ИШЕМБИ, 29/08/2026



ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК – МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮБҮЗДҮН НЕГИЗИ

4-бетте

КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНА САЛЫМ КОШКОН МЫКТЫ АДИС



3-бетте

Кызматташтык ийгиликке өбөлгө



2-бетте

Улуттук спортту даңазалаган улуу оюндарга даярдык



8-бетте

Ветеринардык-санитардык эрежелер көзөмөлдө



2-бетте

Чоң-Алайдагы айыл чарба жетишкендиктери



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Чоң- Алай районуна иш сапары менен барды. Иш сапарынын жүрүшүндө аймактагы айыл чарба тармагындагы алгылыктуу долбоорлор жана өсүмдүктөрдүн өсүшү менен жеринен таанышты. Иш сапардын негизги максаты- мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө багытталган жаңы ыкмаларды жана тоют базасын чыңдоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштерди көрүү болду.

Аталган аймакта Германиянын гибриддик жүгөрү сорту эксперименттик негизде ийгиликтүү өстүрүлүүдө.Чоң-Алай районунун тоют базасын чыңдөө жана жеригиликтүү шартка ылайыктуу жаңы тоют өсүмдүктөрүн сыноо максатында 3,5 га аянтка Германиянын гибриддик “КВС КАШМИР ФАО -390” сортундагы жүгөрү үрөнү эксперименттик негизде себилген. Бул жүгөрү деңиз деңгээлинен 2960 метр бийиктикте өстүрүлүүдө. Бүгүнкү күнгө карата өсүмдүкүн бою 2 метрге жетип, жакшы өсүп жатканы байкалууда. Бул долбоордун ийгиликтүү ишке ашуусу, бийик тоолуу аймактарда да тоют өсүмдүктөрүнүн ар кандай сортторун өстүрүү мүмкүнчүлүгүн далилдеп, мал чарбачылыгы үчүн жаңы келечекти ачат.

Облус башчысы ошондой эле Чоң-Алай районундагы Кашка - Суу айыл өкмөтүндө “Миң- Жар” ирригациялык каналынын ачылышына катышты. Аталган каналдын ишке кириши менен 1000 гектардан ашуун жер сугат суу менен камсыз болду. Каналдын жалпы узундугу 5,4 км. жана анын курулушуна 6,8 млн. сом жумшалды. Анын эсебинен Кашка -Суу айыл өкмөтүнүн 1082, 25 га жайыты сугат айдоо жерге айланып, 8 суу бөлүштүргүч аркылуу дыйкандарга суу берилет.

Каналды куруу боюнча долбоор Чоң-Алай райондук өнүктүрүү фондунун эсебинен “Бай Таш Констракшн” ЖЧКсы тарабынан ишке ашырылды.

Органикалык айыл чарбасы өнүгөт



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Мирлан Орозбаев ОшМУда өткөрүлгөн “Органикалык айыл чарбасынын туруктуу өнүгүүсү: илим, инновация жана практика” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышты. Иш -чара КР Президентинин “Органикалык айыл чарбасынын улуттук күнү жөнүндө” жарлыгын ишке ашыруунун алкагында уюштурулду.

КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Мирлан Орозбаев конференцияда сөз сүйлөп, облуста органикалык айыл чарбасын өнүктүрүүнүн маанилүү экендигин белгиледи.

Конференцияга Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин, ОшМУнун, ОшТУнун, ошондой эде коңшулаш Өзбекстан Республикасынын Анжыян айыл чарба институтунун окумуштуулары, эксперттер жана айыл чарба өндүрүүчүлөр катышышты.

Конференциянын катышуучулары органикалык өндүрүштүн заманбап технологияларын, топурактын асылдуулугун сактоо, биологиялык коргоо жана биокооп-суздук маселелерин талкуулашты. Жыйынтыгында Ош облусунда органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча илимий негизделген практикалык сунуштар иштелип чыкты. Конференциянын урааны “Илимден -таза өндүрүшкө, таза өндүрүштөн - туруктуу келечекке” деп аталды.

Ветеринардык-санитардык эрежелер көзөмөлдө



Ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл кызматынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча региондук башкармалыгынын кызматкерлери эпизоотиялык абалды көзөмөлдөө боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүүдө. 2026-жылдын 17–24-август күндөрү облус аймагындагы мал базарларда ветеринардык көзөмөл иштери жүргүзүлүп, мал базарларга келген жарандарга ветеринардык-санитардык эрежелерди сактоо боюнча түшүндүрмөлөр айтылды.

Мониторинг учурунда сатууга алып келинген малдардын ветеринардык коштомо документтери, идентификациядан өтүшү, башкача айтканда бирка же чип аркылуу белгилениши текшерилди. Ошондой эле мал базарларга бекитилген ветеринардык адистер тарабынан жаныбарларды клиникалык кароодон өткөрүү иштери жүргүзүлүүдө. 17–24-август аралыгында Ош облусундагы мал базарларга жалпысынан: 1 788 баш ири мүйүздүү мал, 478 баш жылкы жана 3 087 баш кой-эчки алып келинген.

Мониторингдин жүрүшүндө малдардын идентификациясы жана ветеринардык коштомо документтеринин болушу текшерилди. Мындай ветеринардык көзөмөл жана мониторинг иштери Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жүргүзүлүүдө. Аталган иштер Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл кызматы тарабынан эпизоотиялык абалды туруктуу көзөмөлдөө жана жаныбарлардын ден соолугун камсыз кылуу максатында ишке ашырылууда.

Кызматташтык ийгиликке өбөлгө



Ош мамлекеттик университети менен Кытайдын Кашкар университетинин ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлду. Документ студенттер жана окутуучулар үчүн академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү, тил курстарын уюштуруу, биргелешкен билим берүү программаларын ишке киргизүү боюнча кызматташтыкты камтыйт. Меморандумга ОшМУнун делегациясынын жакында Кытайдын Шинжаң-Уйгур автономиялуу районундагы Кашкар университетине болгон иш сапарынын алкагында кол коюлду.

Делегациянын курамында эл аралык байланыштар бөлүмүнүн директору Айнура Өзгөнова, кыргыз-кытай факультетинин деканы Тыныстан Пазылов, кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын окутуучусу Кыяз Каримов болушту. Иш сапардын жүрүшүндө алар Кашкар шаарында өткөн «Кашкар–2026» шаарлардын бир туугандыгы боюнча кызматташтык жана өнүгүү конференциясына катышты. Анда Кашкар округунун Борбордук жана Түштүк Азия өлкөлөрү менен кызматташтыгынын жыйынтыктары талкууланып, билим берүү, медицина, гуманитардык, соода-экономикалык багыттардагы кызматташтыкты кеңейтүүнүн жолдору каралды. Ошондой эле иш сапардын алкагында экии окуу жайдын ортосундагы кызматташтыктын келечектеги багыттары талкууланды.

Меморандумдун негизги жоболору 2026-жылдын апрель айында өткөн онлайн жолугушууда алдын ала макулдашылган. Анда студенттер менен окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү, тил курстарын ачуу, биргелешкен билим берүү программаларын ишке киргизүү маселелери каралган.

Иш сапардын жыйынтыгында меморандумда белгиленген багыттарды ишке ашыруунун жолдору аныкталып, ОшМУ менен Кашкар университетинин ортосундагы кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү боюнча макулдашуулар жетишилди.

Зинагүл Нуралиева,
ОшМУнун басма сөз катчысы.

VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары-меймандар өлкөдө



Өткөрүлүшү күтүлүп жаткан VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары 31-августтан 6-сентябрга чейинки убакта болмокчу. Ага маалыматтарга ылайык, 113 мамлекеттен 3 миңге жакын спортчулар катышмакчы. Учурда Кыргызстанга VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына катышуучулар келе башташты.

Белгилесек, борбор калаа Бишкекке көк бөрү боюнча мелдештерге катышуу үчүн АКШнын көк бөрү курамасы келгенин Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын медиа-штабы маалымдады. Аларды Эл аралык көк бөрү ассоциациянын баш катчысы Кувватбек Аскарбеков жана уюмдун өкүлдөрү тосуп алды.

Команданын капитаны Ледд Фоувел баштаган курамада 9 оюнчу бар. Алар Чолпон-Атада окуу, машыгуу өткөрүшүүдө. Команда 2014-жылдан бери оюндарга катышып келет.

Ошондой эле мындан мурун Кыргызстанга өзбекстандык көк бөрү жана көкпар боюнча курама командасы келген. Команданын курамында 21 оюнчу бар. Көк бөрү боюнча эл аралык федерация билдиргендей, команда 28-августка чейин Бишкекте машыгууларды өткөрүп, андан соң, Чолпон-Атага келди.

Даярдаган: К. Кыдыралиева.

КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНА САЛЫМ КОШКОН МЫКТЫ АДИС

Жылчыева Гулиза Каныбековна — Ош шаарындагы №16 Кесиптик лицейдин тажрыйбалуу усулчусу, физика-математика багытындагы квалификациялуу педагог жана билим берүү тармагындагы изденүүчү адис. Гулиза Каныбековна 2003–2008-жылдары Ош мамлекеттик университетинин Физика-техника факультетинде билим алып, «Физика мугалими» адистигине ээ болгон. 2015–2017-окуу жылдары аталган окуу жайдын физика-математика багыты боюнча магистратура бөлүмүндө окуп, билимин жогорулаткан.



Эмгек жолун 2009-жылы Ош шаарындагы №16 Кесиптик лицейде физика-математика мугалими катары баштаган. 2014-жылдан тартып ушул эле окуу жайда усулчу кызматын аркалап, педагогикалык жамааттын кесиптик чеберчилигин жогорулатууга, окуу-усулдук иштерди өркүндөтүүгө жана заманбап билим берүү ыкмаларын жайылтууга өзгөчө салым кошуп келет. Гулиза Каныбековна кесиптик ишмердиги менен гана чектелбестен, илимий-усулдук багытта да үзүрлүү эмгектенип келет. Анын бир катар илимий-усулдук макалалары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Вестник» басылмасына жана Ош мамлекеттик университетинин «Вестник» журналына жарыяланган.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана билим берүү тармагына кошкон салымы үчүн Гулиза Каныбековна бир нече жолу окуу жайдын Ардак грамоталары менен сыйланган. Ошондой эле: 2021-жылы Ош шаардык мэриясынын Ардак грамотасы, 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Башталгыч кесиптик билим берүү агенттигинин Ардак грамотасы, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын профсоюз комитетинин Түштүк аймактык кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Гулиза Каныбекованын кесиптик ишмердигинде заманбап окутуу технологияларын өздөштүрүүгө жана жайылтууга өзгөчө көңүл бурулат. 2024-жылы Казакстан Республикасынын Астана шаарында Борбордук Азия мамлекеттеринин катышуусунда уюштурулган DARYA SCAFFOLD окутуунун жаңы формасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсунан өткөн.

Ал алган билимин жана тажрыйбасын мындан ары өркүндөтүп, ошол эле жылы DARYA SCAFFOLD боюнча Улуттук тренер наамына ээ болгон. Бул багытта өзүнүн тажрыйбасын кесиптештери менен бөлүшүп, DARYA SCAFFOLD окутуу ыкмасын



жайылтуу максатында Ош облусундагы 14 кесиптик лицейде семинар-тренингдерди уюштуруп, өткөрүп келет. 2026-жылы Казакстан Республикасынын Алматы шаарында уюштурулган DARYA SCAFFOLD багытындагы окутууга да катышып, өзүнүн кесиптик билимин жана тажрыйбасын дагы бир ирет жогорулаткан. DARYA SCAFFOLD окутуунун жаңы формасын өнүктүрүүгө жана жайылтууга кошкон салымы үчүн Гулиза Каныбековна жана Ош шаарындагы №16 Кесиптик лицей бир нече жолу Ардак грамоталар жана сертификаттар менен сыйланган.

Жылчыева Гулиза Каныбековна — өз кесибине берилген, дайыма изденүүнүн үстүндө жүргөн, жаңычыл окутуу усулдарын өздөштүрүүгө умтулган, кесиптештерине тажрыйбасын бөлүшүүгө даяр жана кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өз салымын кошуп келе жаткан тажрыйбалуу педагог-усулчу.

Анын эмгек жолу — билимге болгон умтулуунун, кесипке берилгендиктин, үзгүлтүксүз изденүүнүн жана заманбап билим берүү технологияларын жайылтууга болгон аракеттин жаркын үлгүсү.

Г.Өскөнбаева.

Экология

Өзгөчө коргоого алынган аймактарда жагдай кандай?

(Ооган чыйырчыгынын санын жөнгө салуу мезгили келип жетти)

2026-жылдын 28-29-июль күндөрү ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун окумуштуулары (Низамиев А.Г., Самиев К.Т., Ибраев С.А., Султанов Ж.М.) “Кара-Шоро” мамлекеттик жаратылыш паркында илимий изилдөө максатында болуп келдик. Максат парктын азыркы абалы менен таанышуу, флора жана фаунасына байкоо жүргүзүү, туристтердин келип-кетүү агымына мониторинг кылуу, жеринде агрардык жана туристтик таасирлердин деңгээлине баа берүү болду.

Аталган парк орографиялык абалы, ландшафты, биоартүрдүүлүгү, айрыкча дарылык касиети бар минерадык суулары менен белгилүү. Көп жылдардан бери биздин университеттин тиешелүү адистиктери (биология, география, фармацевтика ж.б.) үчүн эң ыңгайлуу окуу-илимий базасы болуп келет.

Парктын территориясында жаратылыш өзүнүн табигый көрүнүшүн жана өзүн-өзү калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн жакшы сактап келет. Туристтердин санынын салыштырмалуу аз болушу парктын топурак жана өсүмдүк каптоосуна таасири али аз. Бадал жана дарак өсүмдүктөрдүн жаш өсүндүлөрү кеңири таркалган.

Паркка жаналша территорияларда совет доорунан бери мал чарбасы жайылтылгандыгына байланыштуу 2500-2700 м. бийиктиктерде да антропогендик ишмердүүлүктүн таасиринен пайда болгон отоо чөптөр (коко тикен, көз тикен, шоро ж.б.) кеңири таркалган. Алар көп жерлерде жергиликтүү флорага караганда үстөмдүк кылат. Мындай отоо чөптөрдүн кеңири жайылышы парктын флорасы үчүн да коркунуч алып келиши мүмкүн.

Туризмди өнүктүрүү саясатына ылайык парктын территориясында суу бойлоп рекреациялык объектилердин (боз үйлөр, чатырлар, жыгач үйлөр, көмөкчү курулуштар ж.б.) саны жылдан жылга өсүп жатат. Аларга жанаша кооздук үчүн негизинен интродукциялык даректар (көгүлтүр карагай, туя ж.б.) басымдуу түрдө отургузулуп жаткандыгы байкалат. Биздин оюбузча, өзгөчө коргоого алынган аймактарда интродукциялык түрлөрдү жайылтууга тыюу салышыбыз зарыл. Себеби, андай жерлерде табигый түзүлүш жана көрүнүш сакталыш керек жана туристтерди тартуунун бирден-бир критерийи ушул деп эсептейбиз. Быйылкы жылы Ош шаарындагы Токтогул паркына тыйын чычкандардын кое берилиши эстетикалык кооздук үчүн болуп, болжолдуу экологиялык кедергиси эске алынбады.

Азыркы күндө “Кара-Шоро” паркына кеткен жолго асфальт басуу үчүн кеңейтүү иштери кызуу жүрүп жатат. Паркка чейин бир канча көмүр казуу ишканалары бар жана ири техникалардын каттоосу кызуу. Демек, алдыда өндүрүштүн жайылышына жана туристтердин санынын өсүүсүнө байланыштуу экологиялык-экономикалык багытта тиешелүү иш-чаралар талап кылынат.

Акыркы жылдары экология багытындагы окумуштуу катары түштүктөгү өзгөчө коргоого алынган территорияларды, анын ичинде бул сапар “Кара-Шоро” мамлекеттик жаратылыш паркын кыдырууда мындай аймактарда селитебдүү жаныбарлардын, алардын ичинде биогеоценозго чоң зыян алып келүүчү канаттуулардын кескин көбөйүп жаткандыгын байкап жатабыз. Бул экологиялык тынчсыздануу алып келе турган фактор. Буга мисал катары афган чыйырчыгын айтууга болот. Анын популяциясы азыркы күндө өлкө территориясы боюнча басымдуулук кылуучу түргө



айланды. Мисалы, “Кара-Шоро” паркынан тартып, Мырза-Аке айылына келгиче анын үйүр-үйүрүн кездештирдик. Башка канаттуулар жоктой. Бул көрүнүш бардык жерде ушундай абалда.

Афган чыйырчыгы (аты да көп: индия чыйырчыгы, майна, ала канат чыйырчык ж.б.) Кыргызстан үчүн интродукциялык түр болуп эсептелет. Ал өткөн кылымдын 60-жылдары уй чарбасынын зыянкечтерин (негизинен тери алдына личинка таштоочу көгөндөрдү) жок кылуу үчүн алынып келинген. Азыркы күрдө мындай зыянкечтерге каршы малдарга эффективдүү эмдөө жүргүзүлгөндүктөн чыйырчыктар “бош” калып, башка азыктануу чөйрөсүнө өтүштү.

Майналар көп аймактарда табигый балансты бузуучу факторго айланып, азыр экологиялык да, чарбалык да зыянын алып келип жатат. Алар “коңшулукту” жактырышпайт, башка майда канаттуулардын уясын бузушуп, жумуртка, балапандарын жеп салышат. Башка түрлөрдү өз жеринен кууп, сүрүп чыгарышат. Үйүр-үйүр болуп, чоңураак канаттууларды да кууп чыгышы мүмкүн. Үй таранчысы, үпүп, булбул ж.б. канаттуулардын санынын азайышы ушундан деп эсептейбиз. Ошондой эле бир кезде курт-чегиртке сүйүүчүлөр азыр дан өсүмдүктөрүн же бакча жемиштерин жегенге өтүштү. Айрыкча, жүзүм, гилас, алча, анжир ж.б. бакчаларга кол салып, дыйкандарга олуттуу зыян келтиришет. Учуп жүрүүчү “келемиш” катары үй чарбасына да зыяны чоң, алардан тамак-ашты бекитүү кыйын. Балапандарына кам көргөндө майналар өзгөчө агрессивдүү болуп, көп учурда уясынын жанынан өтүп бара жаткан адамдарга кол салып, сокку урууга аракет кылышат.

Мына ошондуктан майнанын санынын кескин өскөнүнө, анын жүрүм-турумунун өзгөргөнүнө жана башка жан-жаныбарларга болгон агрессивдүү же “ичи тардык” аракеттерине байланыштуу анын санын жөнгө салуу учуру келди деп эсептейбиз. Ага каршы күрөштү бардык аймактарда тегиз жүргүзүү абзел. Мындай иш-аракет Борбордук Азиянын масштабында да эл аралык мааниге ээ (2003-жылы Өзбекстандын өкмөтү атайын токтом менен санын кыскартуу иштерин жүргүзгөн) жана биргеликте жүргүзүү зарылдыгы бар. Буга Кыргыз Республикасындагы жаратылышты коргоо боюнча тиешелүү органдар, жергиликтүү бийликтер жана илимий мекемелер көңүл бурушу – мезгилдин талабы. Мамлекеттик деңгээлдеги атайын чечимдин негизинде ар бир башына тиешелүү сыйлык чегерүү менен иш алып барышыбыз керек. Болбосо жакын арада биздин тегеректе (жергиликтүү биогеоценоздо) бир эле канаттуу болуп майна калышы толук ыктымал.

А.Г. Низамиев,
ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун директору, г.и.д., профессор.

ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК – МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮБҮЗДҮН НЕГИЗИ

31- август – Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнү. Өткөнгө көз чаптырсак, Республиканын Жогорку Кеңеши 1990-жылдын октябрь айында өлкө аталышын Кыргыз ССРинен Кыргызстан Республикасына өзгөртүп, 1990-жылдын 15-декабрында республиканын Эгемендик декларациясын кабыл алган.

1991-жылдын 31-августунда Кыргызстандын Эгемендүүлүк күнү жарыялаган. Бул күн улутубуздун тагдырына чоң бурулуш жасаган, эркиндикке жана өз алдынча өнүгүүгө жол ачкан улуу күн болуп калды. 1991-жылы 20-октябрда Улуттук коопсуздук комитети негизделген. Анан эгемен мамлекетте биринчи жолу президентке түз баш ийген Улуттук гвардия уюшулган. Ага 1991-жылы 19-августта СССРди сактап калууга багытталган тарыхта путч же "ГКЧПнын төңкөрүшү" деген ат менен калган Москвадагы орчундуу саясий окуя себеп болгон.

Анда ГКЧПга Кыргызстандын ошол кездеги жетекчилиги каршы чыгып, Москвадагы кутумчулар тобу жана ага баш ийген күчтөр төңкөрүштү айыптаган кыргыз бийлигине коркунуч жаратканы белгилүү. Эгерде Москвада СССРди сактап калууну көздөгөн ГКЧП кыймылы жеңсе, анда ошол кезде эгемендик жолуна түшкөн республиканын жана анын жетекчилигинин тагдыры эмне болору түшүнүктүү эле.

Дүйнө картасында Кыргыз Республикасы деген жаш мамлекет пайда болуп, ошондо кыргыз элинин эгемен мамлекеттүүлүгүнүн жаңы тарыхы башталды. Декларацияда "Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемендүү, демократиялык мамлекет" деп жарыяланган. Анын аймагы бүтүн, кол тийгис, бөлүнгүс экени жана анда Кыргызстандын Баш мыйзамы иштей турганы көрсөтүлгөн.

СССРдин курамында көп жыл жашаган кыргыз эли өзүнүн мамлекеттүүлүгүн кайрадан таап, дүйнө картасында “Кыргыз Республикасы” деген жаңы ат менен белгилүү болду. Бул учур кыргыз эли эки миң жыл мурун жоготкон мамлекеттүүлүгүн кайра калыбына келтирген күн катары соңку жаңы тарыхка кирди. Кокон хандыгы кулаган соң кыргыз жергеси 1876-жылы Орусияга каратылып, 1924-жылы анын курамында Кара-Кыргыз автоном облусу түзүлүп, кийин ал 1936-жылы СССРдин курамындагы союздук республикага айланган.

Эгемендүүлүк алгандан кийин мамлекетибиздин өз алдынча жашоосун аныктаган негизги символдор жаралды, анын ичинен Мамлекеттик туу – 1992-жылдын 3-мартында кабыл алынган. Кызыл түстөгү желекте алтын түстөгү күн жана анын ичинде түндүк сүрөттөлгөн. Ал элдин биримдигин жана мамлекеттин түбөлүктүүлүгүн билдирет. Мамлекеттик герб – 1992-жылдын 14-январында кабыл алынып, анда канаттарын жайган ак шумкар, тоолор жана көл сүрөттөлүп, кыргыз элинин эркиндигин, айкөлдүгүн жана жаратылыш менен биримдигинин символу болуп эсептелет. Мамлекеттик гимн – 1992-жылдын 18-декабрында бекитилген. Анын обону жана сөздөрү кыргыз элинин эркиндигин, намысын жана мекенге болгон сүйүүсүн даңазалайт. Эгемен Кыргызстандагы эң маанилүү окуя-1993-жылы 5-майда Жогорку Кеңеш жаңы Баш мыйзамды кабыл алганы болду. Ага ылайык, өлкө Кыргыз Республикасы деп аталып, мамлекет башчысы президент, ал эми жогорку мыйзам чыгаруу органы - Жогорку Кеңеш болуп калды.Улуттук валютабыз - сом, 1993-жылдын 10-майында жүгүртүүгө киргизилген. Бул Кыргызстанды экономикалык жактан толук көз карандысыз мамлекет катары таанытткан эң чоң кадамдардын бири болду. Атрибуттарды аныктоо 1994-жылы 14-январда мамлекеттик гербди бекитүү менен аяктаган.



Кыргызстан көз карандысыздыгын жарыялаган соң, анын коопсуздугун, конституциялык түзүлүшүн жана экономикалык кызыкчылыгын коргогон мамлекеттик органдар түптөлө баштаган. Мурда Москвага түз же кыйыр баш ийген министрликтер жаңы өкмөткө карап, кыргыз мамлекетинин экономикалык кызыкчылыгын коргоо үчүн Мамлекеттик бажы инспекциясы негизделген. Ошентип, мамлекеттин саясий-укуктук түзүмү калыптана баштаган.

Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгын биринчилерден болуп, Түркия, АКШ, кийин Орусия баш болгон калган чет мамлекеттер тааныган. 1992-жылы алгач АКШ анан Түркия, Кытай жана Орусия сыяктуу мамлекеттер Бишкекте элчиликтерин ачышкан. Эл аралык коомчулукта СССРдин курамынан чыккан жаш, эгемен мамлекеттерди тааныу башкаларга салыштырмалуу кандайдыр бир дооматсыз, жеңил өткөнүн эл аралык мамилелер боюнча адистер белгилеп келишет. Анткени БУУнун бардык мүчөлөрү тааныймайынча эгемендигин жарыялаган мамлекет эл аралык укуктун толук кандуу катышуучусу боло албайт. Ал эми дүйнөдө ага башкалардын аймактык дооматы, этникалык көйгөйү бар же мамлекеттүүлүгүнүн кво-статусу суроо жараткан өлкөлөрдү эл аралык коомчулук тааныбаган же жарым-жартылай тааныган учурлар аз эмес.

1992-жылы 3-мартта Кыргызстан БУУнун мүчөлүгүнө кабыл алынган. Кыргызстан менен 1995-жылы 31-августка карата дүйнөнүн 88 өлкөсү дипломатиялык мамилелерди түзгөн. Кыргыз Республикасы ЕККУ мемлекеттери кызматташып, КМШга, ЖКУга, ШКУга, ЕАЭБ жана Түрк мамлекеттеринин биримдиги сыяктуу саясий, аскердик жана экономикалык уюмдарга кирген.

Эгемен Кыргызстандын өнүгүү жолу татаал болду. Алгачкы жылдарда экономикадагы оор абал, саясий туруксуздук жана жаңы системага өтүүдөгү кыйынчылыктар элди чоң сыноодон өткөрдү. Өлкөдөгү олку-солкулук, жумушсуздук, адилетсиз башкаруу жана чыр малышкан коррупция бийликке каршы нааразылыкты күчөтүп турду. 2005,2010 жана 2020-жылдардагы элдик толкундоолор бийликти күч менен алмаштырууга алып келди. Ошол эле кезде коомчулукта ыңкылап же төңкөрүш деген аталыштар менен белгилүү Кыргызстандагы ал окуяларга тышкы күчтөр таасир эткенин сөз кылгандар да арбын. Айрым талдоочулар өлкө эгемендик баасын анчейин аңдабай, постколониалдык таасирден чыга албай келе жатканын белгилешсе, дагы бири мамлекеттин географиялык жайгашуусу жана тарыхый байланыштары анын эгемендигинин азыркы абалын көргөзөрүн сыпаттап келет.



“Кыргыз Республикасы канчалык суверендүү жана эгемен мамлекет кура алды? Ал бул чейрек кылымдан ашуун убакытта өлкөнүн чыныгы көз карандысыздыгын көрсөткөн мамлекеттүүлүктүн башкы негиздерин канчалык камсыздады?” деген олуттуу суроолорго “Совет империясынын кыйрашы менен биз чыныгы эркиндикке, эгемендикке ээ болдук. Бул эгемендик биздин ата-бабалардын кылымдар бою көксөп келген эңсөөсү болчу. Өзүбүздүн Конституция, ага ылайык, өзүбүздүн мыйзамдар кабыл алынды. Биздин эгемен мамлекеттин бийлик органдары түзүлдү. Ошол жетишкендиктер менен кошо эле мүчүлүштүктөр, катачылыктар да болду. Анткени жаш мамлекетти куруу оңой эмес эле “ деген жооптор айтылды.

Кезинде "Борбор Азиядагы демократиянын аралчасы" атыккан өлкөбүз ички-тышкы саясатын өз алдынча жүргүзүүгө, башкалар менен алака-катышын түптөөгө, аймактык бүтүндүгүн коргоого, суверендүүлүктүн башка белгилерин сактоого жетише алды. Бирок ошол эле учурда Кыргызстан демократиялык принциптерди тандап, эркин басма сөзгө, көп партиялуулукка жана жарандык коомдун өнүгүшүнө жол ачты. Эгемендүүлүк алган мезгилдин ичинен кийинки беш жылда өлкөбүздө чоң өзгөрүүлөр болду. Эл аралык мамилелерде келечекти аныктай ала турган чоң кадамдар ташталды. Кыргызстан чечкиндүү саясий жана экономикалык реформаларга багыт алып, тарыхта болуп көрбөгөндөй бийиктикке жетишти. Ошол эле учурда кыргыз эли өзүнүн маданий мурастарын кайра жандандырып, улуттук идентүүлүгүн бекемдей алды. Спорт, искусство, илим жана билим берүү тармактарында да кыргызстандыктар дүйнөгө таанылып, бул багыттар дагы өнүгө баштады.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан эгемендүү мамлекет катары жаңы муундун колунда. Ар бир жаран өз өлкөсүн өнүктүрүүгө, ага салым кошууга жооптуу. Эгемендүүлүк – бул жөн гана майрам эмес, бул биздин келечекке болгон ишенимибиз, биримдигибиз жана мамлекеттүүлүгүбүздүн негизи. Бул күн ата-бабаларыбыздын кылымдар бою кыялданган эркиндиктин, көз карандысыздыкка болгон умтулуусунун жемиши.

“Ош жаңырыгы” гезитинин жамааты ар бириңиздерди Эгемендүүлүк күнү менен чын дилибизден куттуктайт! Ар дайым эгемендүүлүгүбүз бекем, элибиздин биримдиги чың, өлкөбүздүн келечеги жарык болсун. Ар бир кыргызстандыкка тынчтык, бакыт жана ийгиликтерди каалайбыз!

Аты, заты ыйык эгемендүүлүк күнүңүздөр кут болсун!

Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ

Футбол — жөн гана спорт эмес. Ал адамды тартипке, жоопкерчиликке, чыдамкайлыкка жана жеңишке умтулууга үйрөткөн улуу мектеп. Футбол талаасына алгачкы кадамын таштаган ар бир бала үчүн бул спорт жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн, чоң кыялдардын жана бийик максаттардын башаты болуп саналат. Бүгүнкү күндө дал ушундай чоң максат менен келечекке ишенимдүү кадам таштап келе жаткан жаш таланттардын бири — Алдаяров Рамазан Болотбекович.

Рамазандын футболдогу жеңиштүү кадамы







Рамазан 2017-жылдын 12-июнунда жарык дүйнөгө келген. Жаштайынан спортко, өзгөчө футболго кызыгып, 8 жашынан тартып Алай футбол академиясында машыгып келет. Академияга келген алгачкы күндөрдөн тартып эле футболго болгон кызыгуусу күчөп, машыгууларды өзгөчө ынтаа менен кабыл ала баштаган.

Жаш футболчунун спортко болгон сүйүүсүнүн калыптанышында, албетте, машыктыруучулардын эмгеги чоң. Балдар менен иштөө — өзгөчө жоопкерчиликти талап кылган татаал иш. Анткени жаш спортчунун жөндөмүн байкап, аны туура багыттап, өзүнө болгон ишенимин арттыруу — машыктыруучудан чоң чеберчиликти талап кылат. Алай футбол академиясынын машыктыруучулары да ар бир тарбияланууучуга өзгөчө көңүл буруп, алардын футболго болгон кызыгуусун арттырып, спорттук жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүп келишет.

Рамазан машыгуу учурунда берилген тапшырмаларды жоопкерчилик менен аткарып, өзүнүн оюн чеберчилигин өркүндөтүүгө аракет кылат. Ал үчүн ар бир машыгуу — жаңы нерсе үйрөнүүнүн, өзүнүн кемчиликтерин оңдоонун жана кечээги көрсөткүчүн бүгүн дагы жакшыртуунун мүмкүнчүлүгү.

Жаш футболчунун аракетинин үзүрү да акырындык менен көрүнө баштады. 2025-жылы Рамазан Ташкент шаарында өткөн жаш өспүрүмдөр арасындагы эл аралык футболдук турнирге катышып, чет өлкөлүк тенттуштары менен күч сынашты. Мындай ири мелдештер жаш спортчулар үчүн жөн гана оюн эмес, чоң тажрыйба мектеби болуп эсептелет. Анткени эл аралык турнирлерде футболчу өзүнүн чеберчилигин сынап гана тим болбостон, башка өлкөлөрдүн жаш оюнчуларынын оюн стили менен таанышып, жаңы тажрыйбага топтойт.

Ал эми 2026-жылдын жай айларында Ысык-Көлдө Өзбекстан жана Казакстандан келген жаш футболчулар катышкан эл аралык турнирде Рамазан дагы бир маанилүү ийгилигине күбө болду. Алай футбол академиясынын командасы мелдеште мыкты оюн көрсөтүп, байгелүү III орунду



ээлеп, коло медалдын ээси болушту. Бул жетишкендик жаш футболчулар үчүн чоң кубаныч гана эмес, алдыда дагы көптөгөн жеңиштерге жетишүүгө болгон ишенимди бекемдеген маанилүү кадам болду.

Рамазандын футболдогу кумири — дүйнөгө белгилүү португалиялык футболчу Криштиану Роналду. Ал атактуу футболчунун оюнун кызыгуу менен көрүп, анын эмгекчилдигин, тартиптүүлүгүн, өзүнө болгон ишенимин жана жеңишке болгон өжөр умтулуусун үлгү катары кабыл алат.

Роналдунун карьерасы жаш футболчулар үчүн чоң сабак. Ал футболдогу ийгилик талант менен гана келбей турганын, анын артында күнүмдүк эмгек, машыгуу, тартип жана өзүнө болгон ишеним турарын далилдеп келет. Рамазан да сүйүктүү футболчусунун ушул сапаттарын өзүнө үлгү кылып, келечекте мыкты футболчу болууну кыялданат.

Анын Роналдуга болгон сүктануусун талаадан да байкоого болот. Ар бир гол киргизген сайын Роналдунун дүйнөгө кеңири белгилүү болгон кыймылын кайталап, кубанычын билдирет. Бул жөнөкөй гана майрамдык кыймыл эмес, жаш футболчунун кумирине болгон өзгөчө сый-урматынын бир көрүнүшү. Балким, бүгүн талаада кумирининкыймылын кайталап жаткан Рамазан келечекте өзү да жаш футболчулар суктанган спортчуга айланар.



Албетте, чоң футболго карай жол оңой эмес. Анын артында талыкпаган эмгек, күн сайынкы машыгуу, жеңилүүлөрдөн сабак алуу жана алдыга умтулуу турат. Кээде жеңиш болсо, кээде жеңилүү болот. Бирок чыныгы спортчу үчүн ар бир оюн — тажрыйба, ар бир жеңилүү — сабак, ар бир жеңиш — кийинки бийиктиктерге карай жаңы дем. Рамазандын бүгүнкү жетишкендиктери анын спорттук жолундагы алгачкы гана кадамдар. Алдыда аны дагы көптөгөн мелдештер, жаңы атаандаштар жана чоң сыноолор күтүп турат. Бирок жаш футболчунун аракетчилдиги, футболго болгон сүйүүсү жана алдыга койгон максаты анын келечегинен жакшы үмүттөнүүгө негиз берет.

Бул жолдо машыктыруучулардын эмгеги менен бирге ата-эненин колдоосу да өзгөчө мааниге ээ. Баланын спорттогу ийгилигине үй-бүлөнүн ишениими жана колдоосу чоң күч берет. Рамазандын футбол менен үзгүлтүксүз машыгып, мелдештерге катышып, тажрыйба топтоп келе жатканы — анын жанында аны ар дайым колдоп турган адамдар бар экендигинин да белгиси.

Бүгүн Алай футбол академиясында машыгып жаткан бул кичинекей футболчунун чоң кыялы бар. Ал келечекте мыкты футболчу болуп, Кыргызстандын намысын эл аралык футбол ареналарында коргогусу келет. Мындай кыялга жетүү үчүн таланттан тышкары сабырдуулук, эмгекчилдик, тартип жана өзүнө болгон ишеним керек.

Балким, бүгүнкү кичинекей Рамазан эртең Кыргызстандын футбол тарыхында өзүнүн атын калтырган чоң футболчу болуп чыгат. Балким, бир күнү дүйнөнүн чоң стадиондорунда Кыргызстандын желеги желбиреп, миллиондогон күйөрмандар жаш кыргыз футболчусунун оюнун көрүп турушар.

Ал үчүн бүгүнтөн баштап талыкпай эмгектенүү, ар бир машыгууга жоопкерчилик менен мамиле кылуу жана кыялына ишенүү маанилүү.

Рамазанга ак жол каалайбыз! Ден соолугу чың болуп, футболдогу чеберчилиги улам өсө берсин. Алдыдагы мелдештерде дагы көптөгөн жеңиштерге жетишип, көкүрөгүнө Кыргызстандык футболчунун намысын сыймыктануу менен тагынган, өлкөбүздүн желегин дүйнөлүк футбол талааларында бийик желбиреткен мыкты спортчу болсун!

Г. Өскөнбаева.

Спорт

Валентина Шевченконун болжолдуу атаандашы айтылды



Валентина Шевченконун (26-4-1) «UFC'деги» кийинки болжолдуу атаандашы аталды.

«ESPN'дин» маалыматына караганда, кыргызстандык спортчу 4-октябрда эртең менен АКШнын Юта штатындагы Солт-Лейк-Сити шаарында өтө турган «UFC 332» турниринин башкы беттешинде мушташат. Анын атаандашы бразилиялык Наталья Силва (20-5-1) болот.

29 жаштагы бразилиялык спортчу жеңил салмак рейтингинде 1-орунда турат жана 14 беттештен бери жеңилүү ызасын тарта элек. «UFC'де» Силва 8 жолу мушташып, баарында тең жеңишке жеткен. Алардын катарында Андреа Ли, Жессика Андраде, Алекса Грассо жана Роуз Намаюнас менен болгон беттештер бар.

«UFC'де» Шевченко буга чейин бразилиялык спортчулар менен алты жолу мушташып, 4 жолу жеңишке жетсе, 2 жолу жеңилген.

«UFC» бул беттеш тууралуу азырынча расмий маалымат бере элек.

Чек-Абаддагы футбол беттеши

Араван районунун Чек-Абад айыл аймагынын борбордук стадионунда жаш футболчулар арасында кызыктуу спорттук беттеш болуп өттү. Анда Кара-Суу районунун U-16 жаш курактагы курама командасы менен Чек-Абад айыл аймагынын U-16 курама командасы күч сынашты.



Беттештин жүрүшүндө эки команданын тең оюнчулары жигердүүлүгүн көрсөтүп, топ үчүн тайманбай күрөшүп, футболго болгон кызыгуусун жана спорттук даярдыгын айгинелешти. Жаш футболчулардын талаадагы аракетинен келечекте мыкты спортчулар өсүп келе жатканы даана байкалды десек болот.

Бул жолку беттештин жыйынтыгы эки команда тең ийгиликке жетишип, спорттук достукту жана өз ара ынтымакты бекемдей алышты. Мындай мелдештер жаштарды сергек жашоого үндөп, алардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүнө чоң өбөлгө түздү.

Араван районунда жаштарды спортко тартууга өзгөчө көңүл бурулуп, футболдук мелдештер байма-бай уюштурулуп келет. Райондун аймагында чакан футбол аянтчалары курулуп, жаштардын машыгуусуна шарттар түзүлүүдө. Демек, бүгүнкү жаш футболчулар -эртеңки спорттун сыймыгы.

Н.Өмүрзакова.

Саламатчылык

Күйдүргүдөн сактангыла!

Акыркы мезгилдерде, жай-күз айларында, Кыргыз Республикасынын ар кайсы райондордо адамдардын күйдүргү оорусуна чалдыккан учурлары жөнүндө маалыматтар чыгып жүрөт. Массалык маалымат каражаттарында оору чыккандан кийин анын коркунучтуулугу, адамдарга эле эмес мал-жанга тийгизген залалдары тууралуу, оорунун чыгышына күнөөкөрлөр жөнүндө бир топ эле маалыматтар таратылат.

Эмне себептен алдын алуу иш чаралары убагында жүргүзүлбөйт деген дооматтар да коюлат. Деги бул кандай оору, кайдан жугат, кантип андан сактанса болот деген суроолорго эрте жаздан токтолуп, жалпы эле калктын көңүлүн дагы бир ирет ушул проблемага бурууну туура көрдүк.


Күйдүргү оорусу эзелтеден эле белгилүү жугуштуу илдет, өзгөч коркунучтуу жугуштуу оорулардын тобуна кирет. Биздин республикабыздын бардык эле аймактары климаттык – географиялык шарттары боюнча күйдүргү оорусунун сакталуусуна жана таркалуусуна ыңгайлуу болуп эсептелет. Бул оору түштүк аймактарында көбүрөөк кездешет.

Биздин облусубузда күйдүргү Араван, Өзгөн, Кара-Суу, Кара-Кулжа райондорунда дээрлик ар жылы, Алай, Ноокат райондорунда азыраак катталып жүрүт, ал эми Чоң-Алай районунда катталган эмес.

Күйдүргү адамдарга бул оору менен ыландаган жаныбарлардан жугат. Ал эми мал-жандыктар, алардын ичинен ири мүйүздүү малдар, кой-эчкилер, жылкылар жана чочколор бул ыланға көбүрөөк дуушар болушат. Мал – жандыктар оорунун «уюгу» болуп алган жерлердеги жер кыртышында сакталып калган оорунун козгогучтарын (бацилус антрацис) жем-чөп менен кошо жеп алганда жугузуп алышат.

Айрыкча мындай көрүнүш чөп куурап, катый баштаганда байкалат. Малдын оозу тилинип, анан жер кыртышындагы оору козгогучун топурагы менен кошо жеген учурда мал ооруга чалдыгат, андай мезгил негизинен август айынан баштап ноябрга чейин созулат, ошол мезгилде мал-жандыктардын арасында оорунун көп катталуусу да ошол себептен болот.

Оорунун «уюгу» болуп күйдүргүдөн өлгөн мал көмүлгөн жерлер (табылганы жана табылбай күмөн болуп калган жерлер), малдын өлүктөрү көмүлүүчү жайлар, күйдүгүдөн өлгөн мал союлган жерлер эсептелет. Бул жерлерде күйдүргүнүн микробдору оңдогон эмес жүздөгөн жылдары сакталуусу мүмкүн, ыңгайлуу шарт түзүлгөндө бул микробдун споралары вегетативдик формасына өтүп, оору чакырууга жөндөмдүү болуп алышат.



Облусубузда акыркы 70 жылдын ичиндеги 280 күйдүргү оорусунун «уюгу» катталып турат. Анын ичинен бүгүнкү күндө Өзгөн районунда 71, Кара-Сууда – 29, Кара-Кулжада – 36, Араванда – 22, Алайда – 5, Ноокатта – 1 уюгу болсо, алардын 182 уюгу гана жеринде табылган жана бетондолуп жабылган, 182 уюгу тосмолонгон, ал эми 103 уюгу жоготулуп табылбай келет. Мындай акыбал Өзгөн, Кара-Суу жана Кара-Кулжа райондорунда орун алган жана оорунун жаңы уюктарынын пайда болушуна жана таркалуусуна шарт түзүп жатат. Буга кошумча фактор - жер-жерлерде малдын өлүгү көмүлүүчү жайлардын (скотомогильниктердин), Беккари чуңкурларынын жетишсиздиги, мал союууга ыңгайлаштырылган атайын аянттардын жана пункттардын чоң айыл аймактарында жоктугу калк арасында күйдүргүнүн таркалуусуна бөгөт коюууга тескери таасирин тийгизип келүүдө.

Какаганга муштаган демекчи, жер- жерлердеги ветеринардык адистердин жетишсиздиги жана айыл округдарынын башчыларынын жоопкерчиликтеринин жоктугу мал-жандыктардын арасында бул ылаңдын алдын алуудагы кемчиликтерге кошумча болууда. Анын натыйжасында малдарды күйдүргүгө (сибир кулгунасына) каршы эмдөөлөр толук жана эффективдүү жүргүзүлбөй келүүдө. Малдын так эсеби жок, вакциналардын кымбаттуулугунан бардык эле үй-бүлө малдарын толук эмдете алышпайт. Ал эми малы күйдүргүнүн «уюгу» болуп эсептелген жерлерге, жайыттарга жайылып, ооруга чалдыгып өлүп жатканда, кээ бир түшүнүгү жок адам аны ветеринардык адистерге көрсөтпөстөн эле туш келген жерге союп, эптеп пайдасын көрүп калуу максатында, малы ооруп өлгөнөн билип туруп жашырып, калк арасына «дангана» кылып таркатып жиберип, же билдирбей касапканаларга өткөрүп жиберип, көпчүлүктөн ден соолугуна коркунуч келтирип жаткандар да кездешет. Алар кийин тергөө органдарынын сурагында эсине келишип, аттиң деп башын мыкчып отурушат.

Адамдар күйдүргүнү негизинен ооруган малды союуда, кармалашып жардам бергенде, терисин сыйрыганда жана кийин иштеткенде, этин жуун-тазалап, тамак даярдоодо, ичеги карындарын, башын жуун-тазалаганда, күйдүргүнүн микробу менен булганган тамак-ашты пайдалануунда жуктуруп алышат. Күйдүргү тери буюмдарын иштетүүдө булганган жер кыртышы же суу аркылуу да жугушу мүмкүн. Жерди иштетүүдө, сугат жумуштарын аткарууда, ооруган малдын сөөгүнөн алынган ун жана күйдүргүнүн микробу бар чаңды дем алганда жугуп калуу мүмкүчүлүгү да бар. Адамды оорулуу малдын канын соргон көгөн же «жигалка» деген чымын чакканда да жуктуруу коркунучу чоң.

Эгерде оорулуу малды кармалашканда, сойгондо, этин, терисин, ичеги–чабагын жуун тазалаганда адамдардын колунун же денесинин кесилип, жаракаттанып калган жерлерине малдын каны тийген жерлерде күйдүргүнүн «тери формасы» пайда болот. Микроб денеге киргенден баштап 3 күндөн 14 күнгө чейинки аралыкта оору кирген жерде кызарып бөлтөк чыгат да кычыштырат. Аны тырмаганда парсанактап, кийин жарылып, кара түстөгү карт пайда болот, тегереги дөмпөйүп кызарып ишип чыгат.

Мындай учурда тезинен дарыгерлерге кайрылып дарылануу жаратыусу мүмкүн. Эгерде ооруну булганган тамак-аштан, суудан жуктуруп алса, анда адамда оорунун «ичеги формасы», ал эми аба аркылуу чаң менен кошо жукса – «өпкө формасы» пайда болот. Оорунун мындай түрлүрү өтө коркунучтуу болот, тезинен дарылауу керек. Азыркы мезгилде медицина тармактарынын күйдүргү оорусун айыктырууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Дары – дармектер жетиштүү.

Негизинен алганда күйдүргүнүн алдын алуу жолдору да оңой эле, ар бир адамдын жана үй-бүлөнүн колунан келе турган эле иш чараларды жүргүзүү керек: Күйдүргүгө каршы жыл сайын үй-жаныбарларына эмдөө жүргүзүү, күйдүргүнүн «уюгу» бар жерлерди жайыт катары, андай жерлердин чобүн тоют катары пайдаланбоо, ооруга шектүү малды сойор алдында сөзсүз түрдө ветеринардык адиске көрсөтүү, этин ветеринардык адистин уруксатынан кийин гана пайдалануу, текшерүүдөн өтпөгөн эт жана сүт азыктарын сатып албоо жана тамак-ашка пайдаланбоо керек. Малды тейлөөдө, союуда жеке гигиена эрежелерин сактоо, атайын алжапкыч, колкап, өтүк ж.б. кийүү зарыл. Колуңарды самын менен таза жуун, жугушсуздандыруучу жана залалсыздандыруучу каражаттарды пайдалангыла.

Эң негизгиси, жогоруда айтылган маселелерге кайдыгер болбогула. Күйдүргү менен күрөшүүдө, анын алдын алууда ар бир адамдын, медицина жана ветеринария кызматтарынын, айыл өкмөттөрүн, айыл башчыларынын биргелешкен аракеттери аябагандай жакшы натыйжа берерин унутпагыла.

С.Халматов,
Ош облусу боюнча кызматтын иш-аракеттерин координациялоо милдети жүктөлгөн Ош шаардык ОАА жана МСЭКБнун дарыгер- эпидемиологунун жардамчысы.

Сыйлык - сыймык

Дүйнөлүк Куран жарышында Кыргызстандык карылар ийгиликке жетишти




Сауд Араб Падышалыгында 46-ирет өткөрүлгөн 133 өлкөнүн өкүлдөрү катышкан Дүйнөлүк Куран жарышы болуп, ага Кыргызстандын атынан барган карылар Расул кары Касиев жети кыраат боюнча, ал эми Муса кары Мирбеков 15 пара боюнча 3-орундарды багындырышкан болчу. Кыргызстандын атын мусулман дүйнөсүнө чыгарып, өз мекенине кайтып келишкен карыларды "Манас" Эл аралык аэропортунан тосуп алуу иш-чарасы зор салтанат менен өткөрүлдү. Аларды Кыргызстан мусулмандарынын Азирети муфтийинин орун басары Рафаил ажы Татиков, КМДБнын Өкүлчүлүктөр, хатибияттар, мечиттер, имамдар жана курулуш бөлүмүнүн башчысы Самидин кары Атабаев, Азирети муфтийдин катчысы Кутманбек ажы Орунбаев, устаздары жана бирге окуган студенттер тосуп алышты.

Дүйнөлүк Куран жарышында ийгиликке жеткен карыларга Азирети муфтийдин жана башкалардын атынан куттуктоолор айтылып, дубалар берилди. Карыларга баалуу белектер тапшырылды. Аларды сыйлоо иш-чаралары мындан ары да улана тургандыгы белгиленди.

Устазга- урмат

Урмат сыйга ээ болгон машыктыруучу



79 жаштын суусун ичип, ашын жеп жаткан Кудайберди Каратаев Ноокат районундагы Күнгөй-Кожоке айылынын ардактуу аксакалы. Анын балалык чагы согуштан кийинки оор жылдарга туш келген. Айылдагы мектепти аятагандан кийин ал Ош шаарындагы №12-кесиптик техникалык окуу жайына кирген. Ушул окуу жайында окуп жаткан мезгилде жеңил салмакта эркин күрөш менен машыккан. Андан кийин Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайынын дене тарбия бөлүмүндө окуган. Анын эркин күрөшкө шыктуу, таланттуу улан экендиги педагогикалык окуу жайында даана байкалган. Машыктыруучулардын аракети менен ал шаардык, райондук, облустук жана республикалык мелдештерге катышып, биринчи орундарды багындырып, байгелүү орундарды камсыздап жүргөн.

Ноокат райондук спорт мектеби үчүн мындай мыкты адис аба менен суудай керек болуп тургандыктан, Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайынын дене тарбия бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү дароо эле жумушка алынган. Ал убагында райондун сыймыгы болуп келген белгилүү эркин күрөшчү, мыкты машыктыруучусу болчу. Жаш кезинде бир нече жолу Кыргызстандын биринчилигин алып, СССРдин биринчилигине да катышып жүргөн. Эл арасында кадыр-баркы эбегейсиз чоң эле.

Жердештеринин сыймыгына, жаштардын сый-урматына ээ болгон дасыккан устаз, машыктыруучу:

-Спортко кызыккан адамдын дени сак болуп, ар дайым өзүн чыйрак, тыкан алып жүрөт. Андай адатка, режимге көнүп деле каласың. Жашың өткөн сайын өзүңдүн тажрыйбаңды, билгениңдин баарын балдарга үйрөткүң келет. Машыккан балдарың ийгиликке жетсе, аракетиңден майнап чыкса, машыктыруучу үчүн андан жогору кубаныч жок! Төбөң көккө жетип кубанганыңды айтпа! Командаң мелдештен утулуп калган учурда аларга "Спортто дайым эле ийгилик боло бербейт. Кээде утасың, кээде утуласың. Жеңилүүнү трагедияга айландырышбаш керек. Бүгүнкү кетирген кемчиликтерди ар тараптан терең талдап, аны кайталабоонун аракетин жасасаң, кийинки мелдеште жеңиш силер тарапта болот!" деген акыл-насаатымды көп айтчумун. Бул сөздөр жеңилүү ызасын тарткан балдарга көп учурда дем, күч берип, айтканыңдан жыйынтык чыкчу. Кийинки мелдештерде утуктарга жетип кайтышчу.

Анын көп жылдык аракети, мээнети текке кеткен жок. Ал жүздөгөн жаштардын машыктыруучусу, ондогон чемпиондордун насаатчысы болгон. Анын ысмы улуулардын да, жаштардын да арасында өзгөчө урматтоо менен "Устаз агай" деп айтылып жүргөндүгү да бекеринен эмес.

Элүү жылдын тегерегинде спорт чөйрөсүндө жүрүп, спорт тармагын өнүктүрүүгө кошкон салымы жана жаш спортмендерди даярдоодогу көп жылдык эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин Эл агартуу отличниги, КР Дене тарбиясынын отличниги, Кыргыз Республикасынын спорт чебери сыйктуу ардактуу наамдарга татыктуу болгон.

Анын колунан машыгуудан өткөн балбандардын, окуучулардын демилгеси менен Ноокат районундагы Исанов айыл өкмөтүндө мезгил-мезгили менен эркин күрөш боюнча "Кудайберди Каратаев агай" атындагы аймактар, кээде эл аралык турнир өткөрүлүп турат. Турнир жаш балбандардын тушоосун кесип, аларды чоң спортко болгон кызыгуусун Кудайберди агайга болгон сый-урматын арттырат.

Кудайберди Каратаев агай азыр ардактуу эс алууда. Жубайы Гүлкан эже экөө 3 уул, 3 кызга, татыктуу тарбия беришти. Кудайдын көзү түз болсун, баары ата-энесинин үмүтүн актаган үлгүлүү үй-бүлөө ээлери. Көптөгөн небере-чеберелерге чоң ата, чоң эне, таята, таене.

Сүрөттө: Кудайберди Каратаев.

Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

Прокурордук көзөмөл

Мыйзамда каралган чаралар көрүлүүдө

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын ишке ашырууда мыйзамдуулукту камсыздоо жана алардын аткарылышынын жыйынтыгы жөнүндө маалымдайбыз.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарынын талаптарын так жана өз убагында аткаруу, алардын аткарылышында мыйзамдуулукту камсыз кылуу прокуратура органдарынын көзөмөлдөө ишинин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

Прокуратура органдары тарабынан мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана башка тиешелүү мекемелерде Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарынын жана аларды ишке ашырууга багытталган ченемдик укуктук актылардын аткарылышы боюнча мыйзамдардын сакталышы текшерилип, аныкталган мыйзам бузууларды жоюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлөт.

Текшерүүлөрдүн жүрүшүндө, негизинен, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарында белгиленген милдеттердин жооптуу органдар жана кызмат адамдары тарабынан өз убагында жана толук аткарылышына, белгиленген мөөнөттөрдүн сакталышына, кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугуна, ошондой эле бөлүнгөн мамлекеттик каражаттардын максаттуу жана мыйзамдуу пайдаланылышына көңүл бурулат.

Аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча тиешелүү мамлекеттик органдардан маалыматтар алынып, алардын негиздүүлүгү жана толуктугу талданат. Аткарылбай калган же талаптагыдай аткарылбаган тапшырмалар боюнча алардын себептери аныкталып, мыйзам бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги жөнүндө маселелер каралат.

Прокурордук көзөмөлдүн жыйынтыгында мыйзам бузуу фактылары аныкталган учурда аларды жоюу жөнүндө прокурордук чара көрүү актылары киргизилип, күнөөлүү кызмат адамдары мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартылышы камсыз кылынат.

Ошондой эле мыйзам бузууларга өбөлгө түзгөн себептерди жана шарттарды жоюу боюнча сунуштар берилет.

Жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарында коюлган милдеттердин аткарылышын камсыз кылуу, аткаруу тартибин күчөтүү жана мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлүүдө.

Мындан ары да прокуратура органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарынын талаптарынын так жана өз убагында аткарылышына, ошондой эле аларды ишке ашырууда мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөл жүргүзүү улантылат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын ишке ашырууда мыйзамдуулукту камсыз кылуу боюнча прокуратура органдары тарабынан тиешелүү көзөмөлдөө иш-чаралары жүргүзүлүп, аныкталган мыйзам бузууларды жоюу жана алардын алдын алуу боюнча, мыйзамда каралган чаралар көрүлүүдө.

Т.Насыров,
Ош шаарынын прокуратурасынын бөлүмүнүн улук прокурору

Жарыялар

Жараксыз деп табылсын.

2002-жылы ОшТУ тарабынан Женалиев Бекболотко берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Xxx

2004-жылы Кыргыз Өзбек Университети тарабынан Ботаев Ганижан Сатаржановичке берилген CD № 040108402 каттоо № 419 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Н. Өмүрзакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:929
Нускасы: 1800

Улуттук спортту даңазалаган улуу оюндарга даярдык

2026-жылдын 31-августунан 6-сентябрына чейин өтө турган VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына дүйнөнүн 112 өлкөсүнөн, анын ичинде Австралия, Азербайжан, Армения, Аргентина, Бангладеш, Бахрейн, Грузия, Индия, Индонезия, Иран, Испания, Казакстан, Монголия, Польша, Орусия, АКШ, Өзбекстан жана башка мамлекеттерден 3 миңге чукул спортчулардын катышаары күтүлүүдө. Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары жөнүндөгү Жобого ылайык, программага спорттун 42 түрү киргизилген. Негизги спорттук таймаштар Ысык-Көлдүн Кырчын жайлоосунда жана Чолпон-Атадагы ат майданда уюштурулат.



Учурда Ош облусунун спортчулары улуттук курама команданын курамында катышуу үчүн кызуу даярдыктарды көрүп жатышат. Учурда өлкөнүн башкы улуттук курама командалары Чолпон-Атада жана Бостериде акыркы машыгуу жыйындарын өткөрүүдө, алардын арасында Ош аймагынан чыккан мыкты палвандар жана чабандестер бар.

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын башчысы Камалов Айбек Өскөновичтин маалыматы боюнча, облустук уюштуруу комитети тарабынан бекитилген планга ылайык, аймактан тандалган мыкты спортчулар улуттук спорттун бир нече негизги түрлөрү боюнча өлкө намысын коргошу күтүлүүдө.

Алардын катарында Тургунбаев Мирбек (Кара-Кулжа району, "Салбуурун"), Майлыбашев Таштемир (Кара-Кулжа району, "Көк- Бөрү"), Султанов Исамидин (Араван району, "Алыш күрөшү"), Мокеев Закир Дөдүевич (Өзгөн району, "Аркан тартыш", "Кол күрөшү", "Таяк тартыш" 84 кг.), Рахманалиева Миргүл (Чоң-Алай району, "Жаа атуу", "Салбуурун" 56 кг.), Абидинов Баяман (Ноокат району, "Алыш күрөшү" 60 кг.), Сапаров Роман (Ноокат району, "Спорттун классикалык түрү" 60 кг.), Сагынали уулу Иманали (Ноокат району, "Спорттун классикалык түрү" 100 кг+, Исамидинов Бабуржон (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Норматов Икболжан (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Исроилжон уулу Исломжон (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Дехканов Махмутжон (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Касымов Файзуллохожа (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Кохраманжан уулу Нематилло (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Колдошев Омонилло (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Хурулов Носиржон (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Токтосунов Мухаммадамин (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Токсонбаев Абдулмуталлиб (Өзгөн району, "Аркан тартыш"), Ниязов Манас (Өзгөн району, "Көк-Бөрү"), Ниязов Кыяз (Өзгөн району, "Көк-Бөрү"), Абдырахманов Турдукул (Өзгөн району, "Эр- эңиш"), Абдукаимов Ахрорбек (Өзгөн району, "Алыш күрөшү"), Абдыкаимов Аброр (Өзгөн району, "Бел боо күрөшү"), Адахамов Хикматилло (Өзгөн району, "Аркан тартыш") бар.

Спортчулардын катышуусу күтүлгөн негизги спорт түрлөрү

Ош облусунан жана Ош шаарынан төмөнкү улуттук спорттун түрлөрү боюнча спортчулардын катышуусу күтүлүүдө:

Көк бөрү жана Көкпар: Кыргызстандын курама командасына Ош облусунун намысын коргоп жүргөн белгилүү улакчылар жана аттар тандалып алынган. Учурда командалар атайын машыгуулардан өтүп жатышат.

Ат чабыш (Алыс аралыкка чабыш, Жорго салыш): Ош облусунун райондорунан (өзгөчө Алай, Чоң-Алай, Өзгөн) чыккан күлүктөр жана тажрыйбалуу саяпкерлер ат үстүндөгү мелдештерге катышат.

Алыш жана Кыргыз Күрөшү: Ош облусу — бел боо күрөшүнүн (алыш) очогу. Бул спорттун түрү боюнча эл аралык аренада таанылган Оштук балбандар алтын медаль үчүн негизги талапкерлерден болуп саналат.

Тогуз коргоол жана Ордо: Логикалык жана стратегиялык оюндар боюнча Ош аймагынан



тандалган мергендер жана гросс-мейстерлер курамага кошулган.

Таяк тартыш (Мас-рестлинг): Бул багытта да жергиликтүү спортчулар күчтүү даярдыктан өтүштү.

Улуттук күрөш жана Алыш: Бел боо күрөшү, алыш күрөшү боюнча Ош мектебинин балбандары өлкө ичиндеги тандап алуу иш-чараларында алдыңкы орундарды ээлеп, дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына жолдомо алышкан.

Тогуз коргоол жана Ордо: Интеллектуалдык жана улуттук тактикалык оюндар боюнча облустун чеберлери катышат.

Маданий жана даярдык иш-чаралары

«Биримдик кербени» улуттук жүрүшү: Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын алкагында Ош облусунун Ак-Буура суусунан жана райондордун ыйык булактарынан суу алынып, атчандар кербени аркылуу Бишкекке — оюндардын ачылыш аземине жөнөтүлгөн. Көчмөндөр айылы: Кырчын жайлоосундагы этношаарчага Ош облусунан жалпы 15 боз үй тигилип, анда облустун өнөрпоздору, кол өнөрчүлөрү жана салттуу каада-салтты чагылдырган командалары жана спорттун түрлөрү боюнча тандалган спортчулар бирдиктүү улуттук формада мелдешке катышышат.

А.МАТИЕВА.

Эскерүү

УСТАТКА ТААЗИМ

Өмүр деген өзүнчө бир чоң мектеп. Ал мектепте муундан-муунга илим-билим, тарбиянын нурун чачкан улуу устаттар бар. Мектептин, айылдын сыймыгы, улуу устат Балтабаева Пазилат эжеке да ушундай инсандардын бири эле. Кечээ көргөнүң, бүгүн жок. Төрөлүү-өлүү бир жүрөт. Элге илим-билими, өмүрү менен өрнөк болгон устат мугалим эжеке ушул жылдын 18-август күнү 87 жаш курагында түбөлүк дүйнөгө сапар тартты.

Ал 1939-жылы 5-апрелде Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунун Жоомарт айылында туулган. 1960-жылы эмгек жолун Өзгөн районунун Аграном толук эмес орто мектебинен баштаган. Кийин Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүрүп, география мугалими адистигин алган.1968-жылдан тартып Өзгөн районунун Кыргызстандын 40 жылдыгы орто мектебинде, №14 Ленин атындагы орто мектепте директордун окуу бөлүмү боюнча орун басары болуп иштеген. 1973-1994-жылдары Осмон Жакыпов атындагы орто мектепте 21 жыл бою тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары кызматын аркалап, мектептин өнүгүшүнө зор салым кошкон.

Эжеке мектепте окуучуларга сабак берүү менен гана чектелген эмес. Ал жаш муунду мекенчилдикке, эмгекчилдикке, адамгерчиликке тарбиялаган чыныгы педагог эле. Өмүрүнүн ар бир күнүн келечек муундарды тарбиялоого арнады, илим-билимдин үрөнүн септи. Ар бир окуучусунун жүрөгүнөн орун алып, канчалаган инсандардын турмушуна жарык чачкан мугалим эжекенин баскан жолу — эмгекчилдиктин жана айкөлдүктүн өрнөгү.

Ал талапчылдыгы, адилеттүүлүгү жана боорукердиги менен кесиптештеринин жана окуучуларынын терең урматына ээ болгон. Коомдук иштерге да жигердүү ара-



лашкан. Жоомарт жана Каныш-Кыя айылдык кеңештерине 5 жолу депутат болуп шайланган. Айылдын социалдык маселелерин чечүүдө демилге көрсөткөн.

Анын эмгек жолундагы үзүрлүү эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланган. 1987-жылы "Эмгектин ардагери", 1990-жылы "Эмгек ардагери", 1996-жылы "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгилери жана көптөгөн Ардак грамоталар менен сыйланган.

Пазилат эжеке үй-бүлөлүк жашоодо да үлгү болду. Өмүрлүк жолдошу Тешебаев Мамазакир агай менен бактылуу үй-бүлө куруп, 2 уул, 4 кызды татыктуу тарбиялап өстүрүүгө жетишти.

Бүгүн биз элге кызмат кылган, мугалимдик кесипти ыйык туткан Балтабаева Пазилат эжекени терең урмат менен эскеребиз. Пейили кенен, сөзү нуска, насааты шам чырак болгон сүйүктүү мугалимди эскерүү — биз үчүн дениздеп тамчыдай гана милдет. Анын тараткан илими, калтырган тарбиясы эл үчүн дайыма өрнөк бойдон калат. Маркумдун жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун. Элге билим тараткан мугалим эжекенин элеси өчпөйт, эмгеги эч качан унутулбайт!

А.САПАРБАЕВА.